КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
ТОКТОГУЛ РАЙОНУ

АБДЫ СУЕРКУЛОВ
АЙЫЛ АЙМАГЫ
АБДЫ СУЕРКУЛОВ
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОКТОГУЛЬСКИЙ РАЙОН

АБДЫ СУЕРКУЛОВСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
АБДЫ СУЕРКУЛОВСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын VIII сессиясынын**

# ТОКТОМ

**9-сентябрь 2024-жыл № 33 Торкент айылы**

**Абды Суеркулов айыл аймагында обьектилерди муниципалдык менчике кабыл алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Муниципалдык менчик жөнүндөгү” 2002-жылдын 15-мартындагы № 37-Мыйзамына, аталган Мыйзамдын 5-беренесинин 3-абзацына, 9-берененин 3-пунктуна ылайык Абды Суеркулов айыл аймагына караштуу Торкен айылынын Бишкек-Ош жолунун жээгинде Мырзабек көчөсү №15 дарегинде жайгашкан “соода комплекси” обьектисин муниципалдык менчике кабыл алуу жөнүндө маселени угуп жана талкуулап Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын VIII сессиясы **токтом кылат**:

1. Абды Суеркулов айыл аймагына караштуу Торкен айылынын Бишкек-Ош жолунун жээгинде Мырзабек көчөсү №15 дарегинде жайгашкан соода комплекси төмөнкү коддору, аянттары жана баланстык баасы менен Абды Суеркулов айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине кабыл алынсын:
   - № 3-07-07-1001-1613 коду менен 531,9кв.м жер аянты, 183027сом баланстык баасы менен,
   - № 3-07-07-1001-1612 коду менен 973,75кв.м жер аянты, 335067сом баланстык баасы менен
   - № 3-07-07-1001-1611 коду менен 837,20кв.м имарат жер аянты, 3636707сом баланстык баасы менен жалпы 2342,85 кв.м жер аянттагы имаратты 4154801 сомдук баланстык баасы менен Абды Суеркулов айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине кабыл алынсын.

2. Бул “соода комплекси” обьектиси Абды Суеркулов айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигинин реестрине киргизилсин жана пайдалануусу муниципалдык менчикти башкаруу Жобосуна ылайыкташтырылып бекитилсин.

3. Бул токтом Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык веб-сайтка жайгаштырылсын жана Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.

**Төрага И.Өмүрбеков**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**ТОКТОГУЛ РАЙОНУ**

**АБДЫ СУЕРКУЛОВ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫ**
**АБДЫ СУЕРКУЛОВ**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОКТОГУЛЬСКИЙ РАЙОН**

**АБДЫ СУЕРКУЛОВСКИЙ**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**АБДЫ СУЕРКУЛОВСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын VIII сессиясынын**

# ТОКТОМ

**9-сентябрь 2024-жыл № 34 Торкент айылы**

**Абды Суеркулов айыл аймагына караштуу Торкен айылынын Бишкек-Ош жолунун жээгинде Мырзабек көчөсү №15 дарегинде жайгашкан “соода комплекси” обьектисин пайдаланууга берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Муниципалдык менчик жөнүндөгү” 2002-жылдын 15-мартындагы № 37-Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин 2022-жылдын 28-июлундагы № 189 буйругунун Типтүү Жобосуна ылайык Абды Суеркулов айыл аймагына караштуу Торкен айылынын Бишкек-Ош жолунун жээгинде Мырзабек көчөсү №15 дарегинде жайгашкан “соода комплекси” обьектисин пайдаланууга берүү жөнүндө маселени угуп жана талкуулап Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын VIII сессиясы **токтом кылат**:

1. Кыргыз Республикасынын “Муниципалдык менчик жөнүндөгү” 2002-жылдын 15-мартындагы № 37-Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин 2022-жылдын 28-июлундагы № 189 буйругунун Типтүү Жобосуна ылайык, Типтүү Жобонун 8-глава 72-беренесине, 73-беренесинин 2-абзацынын негизинде Абды Суеркулов айыл аймагына караштуу Торкен айылынын Бишкек-Ош жолунун жээгинде Мырзабек көчөсү №15 дарегинде жайгашкан “соода комплекси” обьектисин, жалпы 2342,85 кв.м жер аянттагы имаратты түз берүү жолу менен социалдык багытта иш алып баруу максатында Торкен айылынын тургуну Конурбаев Тилек Сайракматовичке ижара берилсин.

2. “Соода комплекси” обьектисин пайдаланууга берүүдө Кыргыз Республикасынын “Муниципалдык менчик жөнүндөгү” 2002-жылдын 15-мартындагы № 37-Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин 2022-жылдын 28-июлундагы № 189 буйругунун Типтүү Жобосуна ылайык ишти алып баруусу Абды Суеркулов айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

3. Бул “соода комплекси” обьектиси Абды Суеркулов айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигинин реестрине киргизилсин жана муниципалдык менчикти башкаруу Жобосуна ылайыкташтырылып бекитилсин.

4. Бул токтом Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык веб-сайтка жайгаштырылсын жана Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын анықтыгы ырасталат.

**Төрага И.Өмүрбеков**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**ТОКТОГУЛ РАЙОНУ**

**АБДЫ СУЕРКУЛОВ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫ**
**АБДЫ СУЕРКУЛОВ**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОКТОГУЛЬСКИЙ РАЙОН**

**АБДЫ СУЕРКУЛОВСКИЙ**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**АБДЫ СУЕРКУЛОВСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын VIII сессиясынын**

# ТОКТОМ

**9-сентябрь 2024-жыл № 35** **Торкент айылы**

**Абды Суеркулов айыл аймагынын жергиликтүү бюджетинин 2025-2026-2027-жылдарга болжолдуу планын бекитүү жөнүндө**

Абды Суеркулов айыл аймагынын жергиликтүү бюджетинин 2025-26-27-жылдарга болжолдуу планын бекитүү жөнүндөгү маселени угуп жана талкуулап Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын VIII сессиясы **токтом кылат**:

1. Абды Суеркулов айыл аймагынын жергиликтүү бюджетинин 2025-26-27-жылдарга болжолдуу планын төмөндөгүдөй бекитилсин:
   - 2025-жылга-18148,9 миң сом
   - 2026-жылга -19035,9 миң сом
   - 2027-жылга -19842,2 миң сом

2. Бул токтом Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык веб-сайтка жайгаштырылсын жана Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.

**Төрага** **И.Өмүрбеков**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br>**ТОКТОГУЛ РАЙОНУ**<br><br>**АБДЫ СУЕРКУЛОВ**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫ**<br>**АБДЫ СУЕРКУЛОВ**<br>**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТОКТОГУЛЬСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АБДЫ СУЕРКУЛОВСКИЙ**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**АБДЫ СУЕРКУЛОВСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын VIII сессиясынын**

# ТОКТОМ

**9-сентябрь 2024-жыл № 36** **Торкент айылы**

**Абды Суеркулов айыл аймагына караштуу Сары-Сөгөт айылындагы ашар жолу менен курулган ФАПка Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасынын 22.08.2024-жылдагы №17-тескемеси менен резервдик фондунан берилген 200000сом акча каражатын жергиликтүү бюджеттин тиешелүү беренесине бөлүштүрүү жөнүндө**

Абды Суеркулов айыл аймагына караштуу Сары-Сөгөт айылындагы ашар жолу менен курулган ФАПка Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасынын 22.08.2024-жылдагы №17-тескемеси менен резервдик фондунан берилген 200000сом акча каражатын жергиликтүү бюджеттин тиешелүү беренесине бөлүштүрүү жөнүндөгү маселени угуп жана талкуулап Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын VIII сессиясы **токтом кылат**:

1. Абды Суеркулов айыл аймагына караштуу Сары-Сөгөт айылындагы ашар жолу менен курулган ФАПка Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасынын 22.08.2024-жылдагы №17-тескемеси менен резервдик фондунан берилген 200000сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттин аппараттын, атайын эсебинин 2222 беренесине бөлүштүрүлсүн.

2. Бул токтом Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык веб-сайтка жайгаштырылсын жана Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.

**Төрага** **И.Өмүрбеков**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>ТОКТОГУЛ РАЙОНУ<br><br>АБДЫ СУЕРКУЛОВ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫ<br>АБДЫ СУЕРКУЛОВ<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОКТОГУЛЬСКИЙ РАЙОН<br><br>АБДЫ СУЕРКУЛОВСКИЙ<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>АБДЫ СУЕРКУЛОВСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын VIII сессиясынын**

# ТОКТОМ

**9-сентябрь 2024-жыл № 37** **Торкент айылы**

**Абды Суеркулов айыл аймагынын жергиликтүү бюджетинин айрым беренелерин жылдыруу жана бөлүштүрүү жөнүндө**

Абды Суеркулов айыл аймагынын жергиликтүү бюджетинин айрым беренелерин жылдыруу жана бөлүштүрүү жөнүндөгү маселени угуп жана талкуулап Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын VIII сессиясы **токтом кылат**:

1. Абды Суеркулов айыл аймагынын жергиликтүү бюджетинин айрым беренелери төмөндөгү беренелерге жылдырылсын:
   -Соцкамсыздандыруунун 2721 беренесиндеги көмүр сатып алууга бөлүнгөн 64900сом 2224-беренесине көмүр сатып алууга;
   -Бала бакчанын 2218 беренесиндеги азык-түлүкө бөлүнгөн 700000сом аппараттын 3112 беренесине Лэд-экран сатып алууга;
   -Аппараттын электр энергиясына 2222 беренесине АСКУЭ сатып алууга бөлүнгөн 40000сом аппараттын 2231 беренесине АСКУЭ сатып алууга;
   -Кара-Жыгач клубунун короолоодон калган 2214 беренесиндеги 27700сом клубдун 2222 беренесине трибуна жана башка клубка керектуу каражаттарды сатып алууга:
2. Абды Суеркулов айыл аймагынын жергиликтүү бюджетинин ижарадан 840000сом ашыкча түшкөн акча каражаттары төмөндөгү беренелерге бөлүштүрүлсүн:
   -Яма Беккери куруууга 100000сом аппараттын 2222 беренесине;
   -Ы.Алымбеков мектебине 3сааттык бала бакчаны короологонго 50000сом мектептин 2222 беренесине;
   -Т.Ашыралиев мектебине 20000сом электр энергиясына мектептин 2222 беренесине
   -Шамшыкал жана Сезим келечеги балдар бакчаларына кошумча орун даярдоого 300000сом бала бакчанын 2222 беренесине;
   -Өзгөчө кырдаалга 100000сом 2215 беренесине
   -Күтүлбөгөн чыгымга 200000сом аппараттын 2214 беренесине 50000сом, аппараттын 2222 беренесине 150000сом;
   -Торкен таза суу станциясына 30000сом аппараттын 2222 беренесине;
   -Сары-Сөгөт айылындагы лэд-экранды ондоого 40000сом, аппараттын 2215 беренесине;
3. Бул токтом Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык веб-сайтка жайгаштырылсын жана Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.

**Төрага** **И.Өмүрбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
ТОКТОГУЛ РАЙОНУ

АБДЫ СУЕРКУЛОВ
АЙЫЛ АЙМАГЫ
АБДЫ СУЕРКУЛОВ
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОКТОГУЛЬСКИЙ РАЙОН

АБДЫ СУЕРКУЛОВСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
АБДЫ СУЕРКУЛОВСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын VIII сессиясынын**

# ТОКТОМ

**9-сентябрь 2024-жыл № 38** **Торкент айылы**

**Абды Суеркулов айыл аймагына караштуу Торкен айылынын тургуну Анарбек уулу Жапардиндин кайрылуусу боюнча жайыт жерлерди көп жылдык бак тигүүгө трансформацияга которууга макулдук берүү жөнүндө**

Абды Суеркулов айыл аймагына караштуу Торкен айылынын тургуну Анарбек уулу Жапардиндин кайрылуусу боюнча жайыт жерлерди көп жылдык бак тигүүгө трансформацияга которууга макулдук берүү жөнүндөгү маселени угуп жана талкуулап Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын VIII сессиясы **токтом кылат**:

1. Абды Суеркулов айыл аймагына караштуу Торкен айылынын тургуну Анарбек уулу Жапардинге Торкен айылынын Кутунай-кокту участогундагы №1176-контурундагы 0,56га жайыт жери көп жылдык бак тигүүгө трансформацияга которууга макулдук берилсин.

2. Бул токтом Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык веб-сайтка жайгаштырылсын жана Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.

**Төрага** **И.Өмүрбеков**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**ТОКТОГУЛ РАЙОНУ**

**АБДЫ СУЕРКУЛОВ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫ**
**АБДЫ СУЕРКУЛОВ**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОКТОГУЛЬСКИЙ РАЙОН**

**АБДЫ СУЕРКУЛОВСКИЙ**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**АБДЫ СУЕРКУЛОВСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын VIII сессиясынын**

# ТОКТОМ

**9-сентябрь 2024-жыл № 38** **Торкент айылы**

**Абды Суеркулов айыл аймагына караштуу Торкен айылынын тургуну Борбуев Бактыбек Эмилбековичтин кайрылуусу боюнча жайыт жерлерди өндүрүштүк зонага трансформацияга которууга макулдук берүү жөнүндө**

Абды Суеркулов айыл аймагына караштуу Торкен айылынын тургуну Борбуев Бактыбек Эмилбековичтин кайрылуусу боюнча жайыт жерлерди өндүрүштүк зонага трансформацияга которууга макулдук берүү жөнүндөгү маселени угуп жана талкуулап Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын VIII сессиясы **токтом кылат**:

1. Абды Суеркулов айыл аймагына караштуу Торкен айылынын тургуну Борбуев Бактыбек Эмилбековичке Торкен айылынын Сары-Булак участогундагы тай казандын жанынан 0,15га жайыт жеринен өндүрүштүк зонага трансформацияга которууга макулдук берилсин.

2. Бул токтом Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык веб-сайтка жайгаштырылсын жана Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.

**Төрага** **И.Өмүрбеков**